**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министрлиги**

**Ош мамлекеттик университетинин**
**Өзгөн эл аралык медициналык**
**колледжи**




**Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин**
**педагогикалык кеңешинин №1 жыйыны**
*(25-август 2020-жыл)*

**КУН ТАРТИБИ:**

1 **Жаңы окуу жылына карата даярдыктар жана дистанттык окуу процессин уюштуруу иш чараларын бекитүү.**
2 **Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин структуралык өзгөртүүлөрүн бекитүү.**
3 **Ар түркүн маселелер:**
   - ✓ **Жаңы окуу жылына карата окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү;**
   - ✓ **Тандоо бөлүгүнө сабактарды сунуштоо жана бекитүү. География предметин окуу планга киргизүү.**
   - ✓ **Инфекция программасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитүү.**
   - ✓ **Студенттердин которуу жана тикелөө комиссиясынын курамын бекитүү.**

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гимни

**Слова:** Ж.Садыков, Ш.Кулуев
**Музыка:** Н.Давлесов, К.Молдобасанов

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар!

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салттын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

**Кайырма:**
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

**1. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 25-августагы №1 жыйынында жаңы 2020-2021-окуу жылына карата даярдыктар жана дистанттык окуу процессин уюштуруу иш чараларын бекитүү маселеге карата**

**УГУЛДУ**: Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин директору, отурумдун төрагасы Ө.Т.Станбаев педагогикалык кеңештин катышуучуларын жаңы 2020-2021-окуу жылы жана 31-август Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнү менен куттуктап, окутуучулардын ишине ийгилик каалады.

Күн тартиби боюнча колледждин жаңы окуу жылына карата даярдыгы жана дистанттык окуу процессин уюштуруу иш чаралары боюнча маалымат берди, дисциплиналар боюнча иш кагаздарды аралыктан окуу процессине негиздеп түзүү керектигин жана убагында студенттерди керектүү иш кагаздар менен бөлүшүүнү, биринчи курстарды адаптациялык таанышуу, маалымат алуу семинарына катыштырып берүүнү, аларга тийешелүү маалыматтарды жеткирип, жардам берүүнү суранды.

**Жогоруда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 2020-2021-окуу жылындагы аралыктан окутуу процессин уюштурууга карата иш планы бекитүүгө сунушталсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө директордун окуу иштери боюнча орун басары Г.А.Сулаймановага жүктөлсүн.

**2. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 25-августагы №1 жыйынында жаңы 2020-2021-окуу жылына Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин структуралык өзгөртүүлөрүн бекитүү маселеге карата**

**УГУЛДУ:** Күн тартибиндеги экинчи маселеде отурумдун төрагасы жаңы окуу жылына карата колледжде структуралык өзгөрүүлөр боло турганын, структуралык өзгөрүүлөрдүн негизи жана ага тийешелүү нормативдик документтер менен тааныштырды. Структуралык өзгөрүүлөргө байланыштуу кээ бир структуранын бөлүмдөрүндө кыскартуулар

(сокрашение сотрудников) болорун колледждин жалпы жамаатына маалымдап, эскертти. Структуралык өзгөрүүлөрдү нормативдик укуктук актылардын негизинде карап чыгып, талкулоо жана нейтралдуу чечим чыгаруу үчүн комиссия түзүүнү директор сунуштады. Отурумдун катышуучулары комиссия курамына окутуучуларды сунушташты.

**Жогоруда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин структуралык өзгөрүүлөр боюнча түзүлгөн комиссиясы төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:
   1. Сулайманова Г.А. – ӨЭАМКнин окуу иштери боюнча директордун орун басары, комиссиянын төрайымы;
   2. Кадырова А.М. – кадрлар бөлүмүнүн инспектору, комиссиянын мүчөсү;
   3. Жаныбеков М. – кесиптик комитеттин төрайымы, комиссиянын мүчөсү;
   4. Жумалиева Р.О. – коррупцияга каршы күрөшүү комитетининнин төрайымы;
   5. Мамаджанов М.А. – дистпечер.

**3. ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2020-жылдын 25-августагы №1 жыйынында ар түркүн маселеде**

**УГУЛДУ:** Ар түркүн маселелерде жаңы окуу жылындагы сааттарды бөлүштүрүү боюнча каралып, отурумдун төрагасы бул маселени кароо структуралык өзгөрүүлөр боюнча жогоруда түзүлгөн комиссияга жүктөөнү сунуштады.

Отурумдун жүрүшүндө окуу планына тандоо сабактарды киргизүү боюнча кафедра башчыларынын билдирүүсү жана колледждин усулдук кеңешинин протоколу талкууланды. Усулдук кеңеш уюштурган сабактарды тандоо анкетирлөөдөн студенттердин көп добуш алган дисциплиналар окуу планына киргизүү сунушталды(*усулдук кеңештин протоколдору тиркелет).* Тандоо сабактарынан сырткары Инфекция предметине Covid19 инфекциясы боюнча темаларды кошуп, типтүү программаны толуктоо жана география предметин окуу планга киргизүү, анын максаты боюнча талкуу жүрдү, сунуштар каралды.

Ошондой эле ар бир окутуучу дисциплинасы боюнча иш кагаздарын түзүп, толуктап, кафедраларда талкуулап, кийинки отурумда бекитүү керектиги эскертилди.

Жаңы окуу жылына карата студенттерди которуу, тикелөө комиссиясынын курамы жана педагогикалык кеңештин иш планы талкууланды жана бекитип берүүнү отурумдун төрагасы суранды. Отурумдун катышуучулары комиссия курамына окутуучуларды сунушташты.

**Жогоруда берилген маалыматтардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде педагогикалык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Отурумдун жүрүшүндө берилген сунуштар эске алынсын.
2. Жаңы окуу жылындагы саатарды бөлүштүрүү структуралык өзгөрүүлөр боюнча түзүлгөн комиссиясынын милдетине киргизилсин.
3. Усулдук кеңеш сунуштаган тандоо сабактары адистиктердин окуу пландарына киргизилсин.
4. Инфекция предметинин типтүү программасына Covid19 инфекциясы боюнча темалар киргизилсин.
5. Жаңы окуу жылына карата студенттерди которуу жана тикелөө комиссиясы төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:
    1. Станбаев Ө.Т. – ӨЭАМКнин директору, комиссиянын төрагасы;
    2. Сулайманова Г.А. – ӨЭАМКнин окуу иштери боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү;
    3. Кадырова А.М. – кадрлар бөлүмүнүн инспектору, комиссиянын мүчөсү;
    4. Каримбаев Э.С. – ӨЭАМКнин контракт боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү;
    5. Айдар уулу М. – окуу бөлүмүнүн методисти, комиссиянын мүчөсү.
6. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңештин иш планы бекитүүгө сунушталсын.

**Педагогикалык кеңештин төрагасы:** **Станбаев Ө.Т.**

**Педагогикалык кеңештин катчы:** **Тойгелди кызы А.**